Логопедические занятия способствуют овладению учениками умениями строить текст, анализировать, сравнивать, обобщать предметы и явления действительности, активизируют их мыслительную деятельность.

Достигнуть определённых результатов в коррекционной работе логопеду помогают квалифицированные специалисты школы – интерната. Психолог корректирует познавательные процессы детей, формирует объективную самооценку ученика, которая часто бывает завышена. Воспитатели регулируют незрелость психики через сюжетно – ролевую игру. Медикаментозное сопровождение сглаживает отклонение в здоровье нервной системы детей, которое сказывается на их поведении. Учителя формируют положительную мотивацию к учебной деятельности. Использование здоровьесберегающих технологий даёт возможность снять статическое и мозговое напряжение, обеспечить реалаксацию мышц, проводить гимнастику для глаз и массаж пальцев рук.

Таким образом, созданные психолого–педагогические условия способствуют коррекции речи детей с задержкой психического развития в условиях школы – интерната и помогают успешно осваивать школьную программу.

УДК 37.013
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-157-160

**Ибраева Жылдыз, Исмаилова Гузаль**
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин магистранттары
**Ибраева Жылдыз, Исмаилова Гузаль**
магистранты факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Ibraeva Zhyldyz, Ismailova Guzal**
Undergraduates faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

## БАЛДАРДЫН КЕБИНИН ӨНҮГҮШҮНҮН МААНИ-МАҢЫЗЫ ЖӨНҮНДӨ ЗАМАНБАП ТҮШҮНҮК

## СОВРЕМЕННОЕ ПРЕДСТАВЛЕНИЕ О СУЩНОСТИ РЕЧЕВОГО РАЗВИТИЯ

## THE MODERN IDEA ABOUT THE ESSENCE OF SPEECH DEVELOPMENT

**Аннотация:** Макалада балдардын кебинин өнүгүшүнүн маңызын ачып берүү жолдору каралат. Изилдөөчүлөрдүн иштери боюнча кептик айтылыштын келип чыгышынын маселелери салыштырылат.

**Аннотация:** В этой статье будут рассмотрены, способы раскрытия сущности развития речи детей. По работе исследователей сопоставляются вопросы порождения речевых высказывании детей.

**Annotation:** This article will discuss ways to reveal the essence of children's speech development. According to the work of researchers, the questions of generating speech utterances of children are compared.

**Негизги сөздөр:** кеп, кеп ишмердиги, кептик айтылыш, ой жүгүртүү, өнүгүү, грамматикалык түзүлүш, онтогенез, семантика,

**Ключевые слова:** речь, речевая деятельность, речевое высказывание, мысль, развития, грамматическая структура, онтогенез, семантика.

**Keywords:** speech, speech activity, speech utterance, thought, development, grammatical structure, ontogenesis, semantics.

Логопедияны өнүктүрүүнүн заманбап этабында, жалпы кебинин өнүгүүсү кечиккен балдардын кебине тийгизген таасиринин натыйжалуулугун жогорулатуунун педагогикалык шарттарын аныктоону жана балдардын кебинин өнүгүүсүнүн маңызын түшүнүүнү талап

кылат. Балдардын кебинин өнүгүшү боюнча суроого толук жана жүйөлүү жооп, кепти өнүктүрүүнү активдүү чечмелөөдө камтылган.

Тил жана кеп, бир мааниге таанды-кеп ишмердиги, анын эки жагын камтыйт. Психолингвистикада кеп ишмердиги, адамдын психикалык иш- аракеттери катары каралат, анда социалдык жана психофизиологиялык аспектилерине айырмаланган. Анын социалдык аспектиси-тил, башкача айтканда белгилер жана эрежелер системасынын айкалышы. Ал эми психофизиологиялык жагы-сүйлөөчү, кепти түшүнүүнү жана өзүнүн сүйлөөсүн түзүүнү өздөштүрүү керек болгон иш-аракеттердин жана аларды түзгөн операциялардын жыйындысы.

Кеп ишмердигин өздөштүрүү, белгилүү бир тил каражаттарын жана тил боюнча билимди өздөштүрүүнү божомолдоо менен, анын натыйжасында лингвистикалык компетенттүүлүк [1] калыптанат, ошондой эле, бул билимди ишке ашыруунун программасынын натыйжасында кеп пайда болот [1].

Кептик айтылыштын келип чыгышы, татаал иерархиялык уюштурулган түзүлүшү бар көп баскычтуу процесс [2].

Адамдын психикалык иш-аракетинин татаалдыгы жана жетиштүү толук изилденбегендиги, ошондой эле түз, же болбосо сырттан байкоо байланышынын жоктугу, кептин келип чыгышынын себеби болуп, адистердин ортосунда кеп механизминин иштешинин маселеси боюнча биримдиктин жоктугу эсептелинет.

Л.С.Выгодский кеп- ой процесси фазалык түзүлүшкө ээ экендигин белгилеген. Анын кол жазмасында, кийинки пландар (фазалар) көрсөтүлгөн; кептик айтылыштын келип чыгышы (ойдон сөзгө карай), мотив (эффективдүү-эрктүү ой жүгүртүүнүн өбөлгөлөрү), ой, ички кеп (тышкы кептин маанисинде ой жүгүртүү), тышкы кеп (маани синтаксисинен оозеки синтаксисине өтүү, ойдон сөзгө өтүү). Кептик айтылыштын келип чыгышынын заманбап моделдеринин көпчүлүгү Л.С.Выготскийдин концепциясын, андан ары айкындап, өнүктүрүүшүдө. А.Р.Лурия концепциясына ылайык, кеп актысынын түзүлүшү, кеминде үч компонентти камтыйт (айтылыштын келип чыгышынын этаптары); мотив ой (кеп интенциясы) жана тышкы кеп. Акыркы этаптар (мотив жана тышкы кеп) кеп иш-аракетинин ички механизми менен кеп актысынын тышкы этаптарын байланыштырат, тактап айтканда кеп ишмердүүлүгүнүн ички жана тышкы процесстери биригет. Сүйлөөнүн келип чыгышынын (ой) ортонку этабы, өз кезегинде, бир катар ортодогу этаптарды камтуу менен ички кеп аркылуу иштелип чыгат жана ойдон тышкы кепке өтүүнүн, ар кандай этаптары менен байланышкан. Ал эми ортодогу этаптарга ички программалоо, лексикалык жайылтуу жана грамматикалык түзүлүш, ошондой эле кеп актысынын мотордук ишке ашыруусу (моторная реализация) кирет. Ички кеп ишмердүүлүгүнүн этабы, баш мээ кыртышынын, кээ бир жеринде жайгашкан, бир канча кеп механизминин иши менен камсыз кылынат. Лексикалык жайылтуу жана грамматикалык түзүлүш өндөнгөн сүйлөөнүн келип чыгышынын маанилүү этаптары башкарган механизмдер, бир учурда жана катарлаш иш алып барышат.

А.А.Леонтьев кептик айтылышты, бирдиктүү ишмердүүлүк актысынын курамына кирген, кептик иш-аракет катары карайт. Андыктан бул кептик иш-аракетке байланыштуу, түрткү берилгендик (мотивированность), максатка багытталгандык (целенаправленность), үч бөлүктүү түзүлүш (план түзүү аны жүзөгө ашыруу, андан кийин салыштыруу), иерархиялык түзүлүш сыяктуу мүнөздөмөлөр мүнөздүү. Түрткү берилген (мотивированным) жана максатка багытталган (целенаправленным) кептик иш-аракет, программалоодон, программаны жүзөгө ашыруудан жана экөөнүн айкалышынан турат.

А.А.Леонтьев кептик айтылыштын келип чыгышынын, төмөнкү моделдерин сунуштайт; мотив, ой жүгүртүү (кеп интенциясы), ички программалоо, лексикалык жайылтуу, грамматикалык куруу, мотордук ишке ашыруу жана тышкы кеп.

Т.В.Ахутина эксперименталдык маалыматтардын негизинде кепти программалоону үч этапка бөлөт; ички (маани) программалоо, грамматикалык куруу жана айтылыштын мотордук кинетикалык организациясы. Бул этаптар, ар кандай тандоо операцияларына туура

келет: семантикалык синтаксистинин эрежелери боюнча, уюштурулган семантикалык бирдиктерди тандоо; грамматикалык түзүлүш эрежелерине ылайык, уюштурулган лексикалык бирдиктерди тандоо, тыбыштарды тандоо[1].

Т.В.Ахутина семантикалык синтаксисттин эки суб-деңгээлин айырмалайт; бир эле мезгилден ички кеп схемасына өтүүнү жүзөгө ашыруучу ситуациялык-семантикалык, жана грамматикалык- семантикалык, анын жүрүшүндө субъект, объект жана предикат ж.б.

Кепти, ойдун жаралышы жана калыптанышы катары аныктоо менен, И.А.Зимняя кеп чыгаруунун үч негизги деңгээлин бөлгөн: мотивациялык- шыктандыруучу, калыптандыруучу, жана жүзөгө ашыруучу.

Сүйлөөнүн ички мейкиндик схемасын куруу аппаратына, И.А.Зимняя төмөнкүлөрдү киргизет; салыштыруу, тандоо, айкалыштыруу, өзгөртүү, чечим чыгаруу, куруу жана окшоштук боюнча вариациялар.

А.А. Леонтьев менен Т.В. Ахутина тарабынан иштелип чыккан моделге ылайык, кепти жаңыртуу процессинде, ички кеп схемасын түзүүгө, ар кандай терең семантикалык (маани) мамилелерди аныктоого, башкача айтканда кептик айтылыштын ички программалоо операциясына өзгөчө көнүл бурулат. (грамматикалык- семантикалык деңгээл Т.В. Ахутинанын жазмасы боюнча терең синтаксирлөө Д.Слобиндин жазмасы боюнча психологиялык синтаксирлөө А.С. Выготскийдин жазмасы боюнча.

Акыркы учурларда чон кызыгууну туудурган сүйлөөнүн келип чыгуу процесси, аз изилденген аспектилеринин санында, ошондой эле кепсиз фазадан, сүйлөөгө өтүү менен байланышкан баштапкы этап. Сүйлөөнүн келип чыгышы айтылган моделдерди, эреже катары, бул процессти сүйлөө этабынан баштап, кепсиз жана сүйлөө этабынын ортосунда чек ара бар экендигин болжолдойт.

Практикалык иш-аракеттерден, кеп ишмердигине өтүүнүн ортоңку деңгээлинде образ-эталон предметтерин жана мамилелерин өнүктүрүүнүн алгачкы этаптарында пайда болот. Алар таанып билүү иш-аракетин жалпылоонун жыйынтыгы болуп, белги формасында, сезүү материализациясы, алгач материалдык дүйнөнүн предмети, андай кийин анын элестери, акырында тил белгилери болуп эсептелинет [2].

Кептин жаралуу процессиндеги семантикалык компоненттин ролун талдоо, кепсиз жана сүйлөө этаптарына бөлүнүн шарттарын көрүүгө жана бул чек араны алып салууга мүмкүндүк берет

А.М.Шахнарович онтогенездеги психологиялык көрсөткүчтүн (индикация) үч түрүн болуп көрсөткөн а) ырастоо предикациясы, чындык фактысынын констатациясы;
б) иш-аракет предикациясы, иш-аракет констатациясы;в) сүйлөөнүн сапаты, предметти аныктоо.Предикативдин бул түрлөрү балдардын кебинде белгилүү бир ырааттуулукта көрсөтүлөт. Балдардын кебинин өнүгүүсү, анын таанып-билүүчүлүк жана предметтик ишмердигинин тыгыз байланышын эске алып, А.М. Шахнарович предикативдик өнүгүүнүн төмөнкү этаптарын аныктаган [3].

1. Сөз-сүйлөм менен кырдаалды бөлбөө (жансоолорду активдүү колдонуу).
2. Кырдаалдын элементин бөлүп көрсөтүү жана аны суйлөөнү чагылдыруу.
3. Кырдаалдын кээ бир элементтерин бөлүштүрүү жана алардын ортосунда грамматикалык байланыштарды, интонациянын жардамы менен сүйлөө.
4. Кырдаалдын кээ бир элементтерин жана сүйлөөнүн элементтеринин ортосундагы грамматикалык байланыштарды чагылдыруу .

Онтогенез процессинде, кептик айтылыштын маанисин глобалдык жөнөкөй чагылышынан, анын бөлүнүп чагылдырылышына акырындык менен өтүү жүрөт.

Сүйлөөнүн функционалдык мүнөздөмөсү, онтогенездеги предметтик-практикалык иш-аракеттердеги кептин ролу, баланын психикалык жактан өнүгүүсүнүн өзгөчө этабы катары, алдыңкы ишмердиктин структурасын талдоо учурунда аныкталган (91-93).

Практикалык иш-аракеттин өнүүгүсүндө жана ага байланыштуу белгилер менен болгон иш-аракеттерде салыштырмалуу көз карандысыз “тил билими” пайда болот. Алгачкы онтогенезде предметтик жана кеп иш-аракеттери, коммуникациялык кырдаалда

биригишкендиктен пайда болгон синтаксисттик структуралардын функционалдык жагын талдоо көйгөйү, оюн жана кеп иш-аракеттерин максаттуу түрдө изилдөөдө жана коммуникациялык кырдаалда сүйлөөнү түзүүдө, кеп жана кепсиз иш- аракеттерди корреляциялоо көйгөйү катары көрсөтүлгөн (179).

Е.Л. Гинзбург, В.В.Лебединский, А.М.Шахнарович(38) тарабынан сунушталган классификацияга ылайык, психологиялык түзүлүштөгү ишмердүүлүкө мүнөздүү болгон, оюн иш-аракеттерин төмөнкү түрлөргө бөлүшкөн: манипуляциялык, предметтик, атрибуттук, сүрөттөө жана кеп иш-аракеттери. Оюн ишмердигинин бул түрлөрү мотиви, максаты, түзүлүшү (программа) жана реализациялоонун татаалдыгы боюнча айырмаланат. Манипуляциялык жана предметтик иш аракеттердин максаты- предметтин анын физикалык жана прагматикалык касиеттерине ээ болуу: Ал эми атрибуттук иш аракеттин максаты- предметтин функцияларын өздөштүрүү: Ошондой эле сүрөттөө жана ролдук иш-аракеттеринин максаты- адамдардын ортосундагы мамилелерди жана функцияларды билүү.

В.Н. Овчинников иш-аракеттердин бул түрлөрүнүн өнүгүүсү менен балдардын сүйлөөсүнүн функцияларынын өнүгүүсүн салыштырган. Изилдөөлөр, сүйлөөнүн функционалдык түрлөрү, оюн иш-аракеттеринин түрлөрү менен салыштырылганын көрсөткөн. Кеп онтогенезинде, В.Н. Овчинников оюн иш-аракеттеринин түрүнө жараша сүйлөөнүн беш функционалдык түрүн аныктаган: 1) манипуляция менен коштолгон кырдаалдагы, сүйлөө- констатациясы; 2) оюн ишмердигинин предметтик түрү менен байланышкан, сүйлөө- мүнөздөмөсү; 3) атрибуттук иш-аракеттер менен байланышкан, сүйлөө-комбинациясы; 4) сүрөттөө иш-аракеттери менен байланышкан, сүйлөө-сүрөттөө; 5) ролдук иш-аракеттер менен коштолгон, сүйлөө- ролду конкреттештирүү [4].

Практикалык (оюн) ишмердигинин өнүгүшүнө байланыштуу, балдардын сүйлөө функцияларынын өнүгүшүн изилдөө, сүйлөөнүн структурасын өнүктүрүү, предметтик иш-аракеттердин татаалдыгы менен аныкталаарын көрсөттү; прагматиканын функциясы өөрчүп, кептик айтылыш барган сайын коммуникация маселелерине кызмат кыла баштайт; сүйлөөнүн функционалдык түрлөрү, балдардын предметтик-практикалык иш- аракетиндеги кырдаалдын түрүнөн келип чыгат; онтогенездеги кептин келип чыгышынын оперативдик эрежелерин билүү предметтик иш- аракеттердин эрежелерин билүүдөн келип чыгат.

В.Н. Овчинниковдун изилдөөсүнүн олуттуу тыянагы, оюн менен кептин иш-аракеттеринин үзгүлтүксүз байланышы ырастайт. Балдардын кебинин өнүгүшүнүн проблемасы боюнча, бул адабияттарды жыйынтыктап, белгилеп кетүү менен, кептик айтылыштын келип чыгуу процесси, операциялардын динамикалык уюштурулган татаал кеп иш-аракеттерден жана жалпысынан, андан дагы татаалдашкан иш аракеттерден турат.

Изилдөөчүлөр, тышкы кеп пайда болгон, ички кепте сүйлөөнүн схемасы түзүлгөн, деген ырастоого, пикирлеш. Татаал психикалык процесстердин ички жана кыскартылган тышкы иш аракеттердин позициясын эске алуу менен, балдардын сүйлөө структурасын өнүктүрүү, тышкы иш-аракеттердин “ичке өткөрүп берүү” экендигин түшүнүүгө алып келет. Кеп өнүгүүсүнүн генералдык линиясы, бул балдардын социалдык жана практикалык иш-аракеттеринин өнүгүшүнө негизинделген, тил кубулуштарын жалпылоо болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттар:**

1.АхутинаТ.В. Порождение речи. Нейролингвистический анализ синтаксиса.М,:Изд-во Моек, ун-та, 1989-215с.

2.Леонтьев А.А. Язык, речь, речевая деятельность. – М,: Просвешение, 1969.-214с. Леонтьев А.Н. Проблемы развития психики.-4-е изд-М,: изд-во МГУ, 1981.-584с.

3.Лурия А.Р. Основные проблемы нейролингвистики,-U,:Изд-во Моск. ун-та.1975.

4.Овчинников В.Н. Психолингвистический анализ функциональных типов высказываний: (На материале детской речи): Автореф. Канд.Дис. 10.02.19.